## 8- декабрь — телерадио кызматкерлеринин күнү

# Ободо — "Ош-3000"



**"Ош-3000" мамлекеттик телерадиокомпаниясы эң алгач "Ош радиостанциясы" деп түзүлүп, 1968-жылы 20-январда оз ишин баштаган. Андан соң 1969-жылы август айында "Ош корсотот" деген чыгарылыш менен эфирден көрсөтүлө баштаган. Алгач бул корсотүүдө 6 гана адам эмгектенип, коомдун ийгиликтери жана кемчиликтерин эфир аркылуу чагылдырылган. 2000-жылдын 23-апрелинде "Ош корсотот" чыгарылышы президенттин буйругу менен "Ош-3000" МТРКсы болуп түзүлгөн. 2004-жылдын 1-апрелинде "Ош-3000" МТРКсы "Улуттук корсотүү" деген статуска ээ болгон.**

Бүгүнкү күндө 40 жылга чукул тарыхты өткөргөн "Ош-3000" МТРКсында чоң өзгөрүүлөр болду. Телевидениеде иштеген чыгармачыл жамаат, ар бир иште тыкандык менен иш алып барып, үзүрлүү эмгектенип жатышат.

"Март окуясынан кийин телевидениедеги көрсөтүүлөрдө бир топ өзгөрүүлөр болду - дейт "Ош-3000" МТРКнын башкы директору Кадыралы Кошалиев. -Азыр биз чыныгы элдин үнүн чагылдырган көрсөтүүлөрдү чыгарып жатабыз. "Керегем сага айтам", "Көч кайда барат", "Сөз келгенде" чыгарылыштары, элдин көйгөйүн козгогон көрсөтүүлөрдүн катарына кирет. "Ош-3000" МТРКсы, КТРден кийинки 35, 40 жылдык тарыхы бар, тажрыйбалуу мекеме катары таанымал. Жакында бул телевидениеге президент Курманбек Бакиевдин чечими менен "Экинчи кыргыз каналы" деген статус берилээр алдында турат. Бул боюнча юридикалык документтер такталып, жоболор чечилип бүткө-рүлдү.

көрсөтүүсү биздин коомдогу терс көрүнүштөрдү сындаган чыгарылыштардын катарына кирет. Анда Өзгөн районундагы медицина кызматкерлеринин шалаакылыгын сындаган көрсөтүүсү республикадагы көрүүчүлөргө чоң кызыгууну жарат-

кан. Ошону менен бирге жоокерлер турмушун камтыган чыгарылыштар да эфирден орун алган.

**Алымжан МОЛОРБАЕВ, "Ош-**

көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатып, элге таасирдүүлүгүн арттырып, бөлүмдүн көтөргөн жүгүн салмактуу деңгээлге жеткирүү үчүн аракеттенип жатабыз.

**Мейманбек КАСЫМОВ, МТРКнын корком жетекчиси**

**жана башкы режиссеру:**

-Мен ушул телевидение уюшулган күндөн тартып эмгектенип келе жатам. Ош радиосунун фондусуна

дио компаниясынын капчыгын толтуруу. Тактап айтканда, төлөнмө көрсөтмөлөр аркылуу акча түшүрүү болуп саналат. Азыр бөлүм рекламаларды даярдоо үчүн, учур талабына ылайык видеоаппаратуралар менен толук камсыз болгон. Жарнама-коммерциялык бөлүмүнүн "Теле-дүкөн", "Ыр салам", "Ыр белек", "Өрнөктүү

өмүр" деген көрсөтүүлөрү иш алып барып жатат. Суроо, талапка ылайык көрсөтүүлөр, буюртма берген адамдын каалаган убактысында

**Гүлмира АБДЫРАЗАКОВА, "Зээн" жаштар бирикмесинин продюссери:**

-"Зээн" жаштар бирикмеси мүмкүнчүлүгүнө жараша көрсөтүүлөрдү даярдап жатат. "Мезгил жана биз", "Жаназык", "Кумар шоу", "Айлуу түн", "Интеллект" көрсөтүүлөрүбүз кайсы бир деңгээлде өзүнүн көрүүчүлөрүн тапты десек болот. Бул программаларды эл алдына алып чыгууда, албетте, өзүнө тиешелүү кы-йынчылыктары болот. Мында менин кесиптештерим Токтош Абыкеевдин, Марсайым Доорононанын эмгектери чоң. Биздеги изденүүлөрдүн натыйжасын мезгил өзү көрсөтөт. Дегеним "Зээн" менен иштешүүнү каалаган, аны өзүнүн трибунасы катары көргөн жаштардын, күн санап өсүп баратканы бизди кубандырат.

**Олжобай БУБАТАЕВ, корком жетекчиси:**

-Мен өмүрүмдө бир гана жолу төрт сап ыр жазгамын:

Олжобай деп, бүт дүйнөдө
кыргызда,
Өткөн дешет чын сүйүүнүн
курманы.
Энем мага ушул атты
коюптур,
Болсо экен деп
Кишимжандай курбалы.

Бала кезимде "келечекте жазуучу" болом дечүмүн. "Кыргызстан маданияты", "Ленин жолу", "Асаба", "Ош жаңырыгы" гезиттерине аңгемелерим жарык көргөн. Кээде драматург болууна да каалайт элем. Өзүмдөн башка эч ким окуй элек 2-3 пьесам да бар. Тамада болуп той алып барам, чыгармачылык кечелерди да уюштурам. Ал эми тележурналистика жаатында муза пири Рысбай, залкар комузчу Болуш абам баш

